УДК: 37.034:37.017.92
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-101-104

**Кенжекараева Ч.М.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Кенжекараева Ч.М.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Kenzhekaraeva Ch.M.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ОРДУ

# РОЛЬ КАСЫМА ТЫНЫСТАНОВА В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

# THE ROLE OF KASYM TYNYSTANOV TIN KYRGYS LITERATURE

**Аннотация:** Бул макалада Касым Тыныстановдун кыргыз адабиятына кошкон салымы, анын алгачкы прозалык чыгармалары жана поэзиясы
**Негизги сөздөр:** поэзия, проза, поэма, патриоттуулук, лирика, заман, доор, эл душманы, инсан, акын, коомдук ишмер.

**Аннотация:** В статье описывается ранние прозаические произведения и поэзия, вклад кыргызскую литературу Касыма Тыныстанова
**Ключевые слова**: поэзия, проза, патриотизм, лирика, эпоха, враг народа, личность, поэт, общественный деятель.

**Annotation:** This article describes the contribution of Kasym Tynystanov to Kyrgys literature, his early prose works and poetry.
**Keywords***:* poetry, prose, patriotism|, enemy of the people, personality, era, personality, poet, public figure.

Касым Тыныстановдун кыргыз маданиятынын тарыхында өзгөчө орду бар. Ал кыргыз жазма адабиятына негиз салуучулардын бири, акын жазуучу, драматург, кыргыз алфавитин түзгөн тилчи-окумуштуу. Бул инсан 1901-жылы 10-сентябрда Ысык-Көл облусундагы Чырпыкты айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Ал ата-энесинен көркөм адабият майданында өнүмдүү иш- аракет жасаганга, кадыр- барк тапканга, өлбөс мурастар калтырууга ыктуу да, шыктуу да туулган эле. Кагаз бетинде калган мурастары менен таанышкан замандаштары да Касымдын чыгармачылык жөндөмү көп кырдуу экенин айтышкан. Мисалы, музыкалык аспаптарда жакшы ойноп, эл обондорун ийине келтире аткарчу өнөрлүү адам болгон. Ал Ташкендеги казак-кыргыз эл агартуу институтунда окуп жүргөндө мындай кызыгуусун байкаган казак акыны, мугалими Магжан Жумабаев бир жолу Касымды чакырып алып: «Сенин акындык жагын кучтүү, башка өнөрлөргө чарпылбай, жазуучулуктун артынан түш, -дептир, -талант-деген оошмо болот, самындын алкындысындай колдон жылмышып турат, бекем уучтабасан, таруудай чачырап кетет. Сен, Касым бала, калемден өзгөчө эчтеме кармаба» [1].

К. Тыныстанов өмүрүнүн көп бөлүгүн мамлекеттик жана илимий иштерге сарптагандыктан, көркөм чыгарма жазууга убактысы аз болгон. Ошентсе да 37 жылдык өмүрүндө кыргыз адабияты үчүн да кошкон салымы зор. Ал алгачкы ырларын Ташкенде окуп жүргөндө жаза баштаган. Тилекке каршы, ал убакта кыргыз тилинде басма сөз жок болгондуктан, анын ырлары 1919–1921-жылдары казакча чыгып турган. 1922-жылдары кыргыздын улуттук жазма-

сы менен басма сөзү жарала баштаганын байкап, Касым ырларын ынтызарлык менен өз эне тилинде жаза баштаган.

Касым Тыныстанов проза гана эмес, поэзия менен дагы алектенген. Анын акындык иш-аракетинин акыбети 1919–1924-жылдары жазылган «Касым ырларынын жыйнагы» (М, 1925) эмгегинде кайтты. Анын бул жыйнагына казак тилиндеги он эки, кыргыз тилиндеги жыйырма бир ыры жана «Жаныл Мырза» поэмасы кирген. Бул жыйнак профессионал жазма адабиятыбыздын алгачкы китептеринен болгон. Поэзиялык котормолор топтому «Өзгөрүш ырлары» деген ат менен Фрунзеде жарык көргөн. Анын биринчи өз эне тилинде жазылган ыры «Ала-Тоо» 1922-жылы жазылган.

К. Тыныстанов колониялык доорго чейинки көчмөн турмушка суктанарын билгизген, бирок баары бир жаңы заманды – жаңы социалдык коомдун турмушун бардык коомдордон жогору коет. Муну бардык эле ырларынын, аңгемелеринин, драмаларынын мазмунунан ачык көрүүгө болот. Мисал келтирсек, акындын казак тилинде жазган «Жаштарга» деген ыры жаңы замандын түзүп берген шартын пайдаланып, жаштарды билим алууга үндөгөн чакырык мүнөздөгү чыгарма.

Ойло жаштар, ойно жаштар!
Аткан таң менен чыкты кун,
Жүрөктөгү дарты жогот,
Кара булут, кетти түн – деген таасирдүү ырларды калтырган.

Мындагы аткан тан менен чыккан күн жаңы замандын, ал эми кара булут менен түн мурунку замандын элеси экендигин ким да болсо туура тушунө алат.

Ал эми «Ант беребиз дагы да» деген ыр саптарында жаңы замандын жакшы жактары бир кыйла конкреттүү фактылар менен бекемделет:

Негиз салды келечек,
Социалдык чарбага.
Дыйкан менен жумушчу,
Уюмдашкан өз ара.
Үзүлгүз чоң байланыш,
Талаа менен калаада.
Шапке көрсө жалтанган,
Жапайы кийик аттанган.
Кыргыз эли кечеки,
Сансыз калган катардан.
Эл катары эл болду – деп баса белгилеп айта кеткен экен [2].

Жаны замандын эртеңи кандай болорун, кыргыз жергесине мурда болуп көрбөгөндөй ар кыл жаңылыктарды алып келерин, айыл менен шаарды жакындатып, жакырчылыкты биротоло жеңерин К. Тыныстанов «Трактор» деген ырында эн сонун элестетип жазган. Негизи эле акын чыгармаларын кандай гана болбосун декларативдүү жасалма ой жоруулары жок, боло турган турмуш чындыгын улуу процесстин символу аркылуу чагылдырып берүүгө аракет кылган.

Акын жаратылышта, коомдо, адам турмушунда боло берүүчү тынымсыз процессти элестетип, ошолордун ичинде адам турмушу үчүн мээнет кылуу эң башкы керектүү нерсе экендигин, ал эми эл-журт үчүн бел чечип эмгек кылуу адам эркиндиги болгон коомдук шартта гана ишке аша тургандыгын мындайча корутундулайт:

Түбөлүк эркиндиктин ак таңы атмак,
Тептегиз телегейге нурун чачмак.
Карыдан эр кыржалып канга батса,

Калган эл капталынан майга батмак.

Мындагы «Карыдан эр кыржалып канга батса» деген сапты автор эл-журт үчүн кан-жанын аябай мээнет кылса деген мааниде колдонуп, эгер эр- азаматтар тарабынан ошондой аракет болсо, анда эл майы-чайы кенен, токчулук турмушка жетмек деген ойду билдирген. Акындын чакырык мотивинде жазылган бир катар ырлар ушундай стилде, ушундай түрдө жазылган. Негизи карап көрсөк, К.Тыныстановдун чыгармаларынын басымдуу бөлүгүндө кыргыз элинин келечегине басым жасалган. Бул дегени жаш акындын эли-жери деп, элдин келечегин ойлогон патриоттугунун белгиси.

К. Тыныстановдун калеминде баяндалгандай, коомдук турмуштун чындыгын чагылдырган мазмундагы чыгармалар гана жазылбастан, адамдын ар кыл ички кайрыктарын көркөм элестеткен лирикалык маанайдагы ырлар да жаралган. Булардын ичинен акындын пейзаж жана сүйүү лирикаларынын айрымдары профессионалдык деңгээли жагынан кыргыз совет жазма поэзиясынын алгачкы жазылган көркөм туундулары болуп эсептелинет. «Жаз», «Кыш» деген пейзаждык ырлары жана «Жайлоо» аттуу ырда кыргыз жергесинин эң бир ажайып жайлоолорунун көркөм элеси тартылып келип, жаратылыштын бул сулуулугу төрт түлүк малды өстүрүү менен тыгыз байланышта боло тургандыгын мындайча эскертилет:

Мындагы айран, кымыз кең эмеспи,
Булактай агып жаткан кен эмеспи.
Дүркүрөп төрт түлүгүң өсүп турса,
Кең жайлоо жанга жыргал жер эмеспи – деп жайлоонун кооздугун сүрөттөйт.

Бул улуу инсандын мекенине болгон сүйүүсү, сагынычы ушунчалык күчтүү болгон. Биз аны кээ бир чыгармаларынын мазмундарынан байкасак болот. Мисалы, «Ала-Тоо» деген чыгармасында, мекенине, өз эли-жерине болгон сагыныч байкалат. Чыгарманын мазмунун терең түшүнгөн адамга ырдын бир сабы да жетиштүү. Ала-Тоосун, мекенин эненин мээримине салыштырып, ал жерге барууну самагандыгы элестейт. Акындын Ала-Тоосуна болгон сагынычын кыскача болсо да бул саптардан байкасак болот:

Айлар-жылдар өттү – деп,
Кабарсыз болуп кетти-деп,
Катпаган балтыр баламды
Кимиси мерт этти-деп,
Булуттан жоолук оронуп,
Ак чачың музга боелуп,
Көз жашың менен сай-сайды
Жуугандырсың, Ала-Тоо! – деп ичиндеги сагынычын ыр саптарына салат.

Бул ырында акын зангыраган тоолордун булуттан жоолук салынган, алыста жүргөн уулун сагынып, күндө моюн созуп, жол караган, көз жаштарын сай-сай дарыя кылып агызган ак чач эне элесинде ырга кошот. Арийне, бул образ жаны, оригиналдуу деле эмес. Туулган жерди «эне» деп ырдоо жөрөлгөсү дүйнөлүк адабиятта болуп келе жаткан нерсе. Бул образ автордун өз жерине болгон сүйүүсү, ак тилеги, урматтоосу деп түшүнөбүз.

Ал эми акындын сүйүү лирикаларында сүйгөн кызынан айрылуу, өкүнүү, куса болуу, махабаттан көңүлү калуу мотиви бир кыйла басымдуу. Муну анын «Айрылуу», «Алданган сулуу», «Кышкы түндө», «Ырдаба, сулуу, кыйнаба», «Эрксиз ажырашканга», деген ырларын окуган окурман дароо байкайт. Өзүнүн сүйгөн кызы менен бирге болуп, эртеси андан айрыла турганын сезген жигиттин ички тутануусун билдирген «Айрылуу», «Эрксиз ажырашканга» деген ырларды окугандан кийин гана « Ырдаба, сулуу, кыйнаба»деген ырдын мазмуну окурмандарга түшүнүктүү болот.

Ырдаба, сулуу, кыйнаба,

Алданбасмын, сүйбөсмүн
Сайраба, сулуу,жайнаба,
Экинчи отко күйбөсмүн.

Кыргыздын көрүнүктү адабиятчысы, коомдук ишмер Салижан Жигитовдун бул чыгарма боюнча жазган эмгегинде: чыгармадагы психологиялык абалды, пейзаждык элементтерди жана кандайдыр бир кыздын кайгы-касиети жөнүндөгү маани-мазмунду табышмактуу экендигин айткан.

Касым Тыныстанов ошондой эле кыргыздын «Манас» баштаган элдик оозэки чыгармаларынын кагаз бетине түшүшүнө да салым кошкон, манастаануу багытында илимий изилдөөнү баштап кеткен инсан. Ошондой эле «Манас күмбөзү» аттуу ыр жазган. Жаш акын кагаз бетине түшүргөн чыгармасынан үзүндү.

Сай-сайдан чымырканып кулатып таш,
Омкоруп кедергини кылган талаш.
Башталып Ала-тоодон Чүйгө карай,
Күзгүдөй суусу тунук агат Талас.
Таластын так боюнда күмбөзү бар,
Көргөнгө ой түшүргөн кайгы аралаш.
Урматтуу көз жаш менен ал күмбөзгө,
Коюлган өткөн күндө баатыр Манас.

Касым Тыныстанов саясий ишмер катары дагы элге таанылып, ошол мезгилдеги бийликке жакпаган айрым иштери учун куугунтукка алынган. «Эл душманы» аталып, жалаа-жабуунун, күнөөсүз айып тагуунун таасиринен К. Тыныстанов 1938-жылы 5-ноябрда СССР дин Жогорку Аскер сотунун жабык жыйынында күнөөлүү деп табылып, атууга чечим чыгарылып, 7-ноябрда өкүм аткарылган. Акындын өлүмүнөн соң да «кара тизмеден» ондогон жылдар бою алынбай келген. Ошондон улам канчалаган эмгектери жарыкка чыгарылган эмес. Качан гана 1957-жылы акындын жубайы жана уулунун кайрылуусу боюнча, СССР дин Жогорку Сотунун Аскердик коллегиясы К.Тыныстановко коюлган айыптарын баарын жокко чыгарат. Кандай гана өкүнүчтүү канчалаган таланттын ээси бааланбай калгандыгы. Бирок акындын чыгармалары биз менен бирге, биздин, дегеле элдин жан дүйнөсүнөн орун алгандыгы ичтен сүйүнтөт.

Кусейин Карасаев: «Касым өзүнүн эстелигин тургузуп кетти, ал эстелик кыргыз эли канча өмүр сүрсө, ал дагы ошончо өмүр сүрөт» [3], – деп айткандай, арабызда өзү жок болсо да, анын таланты, чыгармалары ар бир кыргыздын жүрөгүндө алтын тамга менен жазылып калганын эскеребиз. Кыргыз эли-жери деп, элдин келечегин ойлоп, талыкпай биз үчүн эмгек жолунда жүргөн улуу инсанды биз эч качан унутпайбыз. Өмүрү кыска болсо да, өрнөктүү тарыхта из калтырган акындын чыгармалары ар бир «кыргызмын» деген инсандын жүрөгүндө сакталуу.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Артыкбаев К, ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Бишкек, 2004 ж;
2. Жигитов С. Ала-Тоо. – 1991. – №9–10.
3. Интернет булактарынан. – Б., 2019.
4. Касым ырларынын жыйнагы. – М., 1925.
5. Кыргыз адабияты (окуу китеби): 9–10-класс. – Б., 2002.
6. Максутова С. Кыргыз илиминдеги жылдыз. – Б.: Бийиктик, 2008. – 80-бет.
7. Эркин-тоо. 1927. 3-март. – №25.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Асанакунов А.**